DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Токтогулов А.Т.*

# КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕРДЕ ОКУУ ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК САЯСАТЫН УЮШТУРУУНУН ЖАНА БАШКАРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Токтогулов А.Т.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ОРГАНИЗАЦИИ И УПРАВЛЕНИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ И АКАДЕМИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКОЙ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ЛИЦЕЙЕ

*A.T. Toktogulov*

# THEORETICAL BASIS OF ORGANIZATION AND MANAGEMENT OF EDUCATIONAL AND ACADEMIC POLICY IN THE PROFESSIONAL LYCEUM

*УДК: 371.13/378.016./09*

*Бул макалада Кыргыз Республикасында кесиптик лицейлерде академиялык саясатты уюштуруунун жана башкаруунун теориялык негизги маселелери каралган. Андан сырткары, башкаруунун функциясы, башкаруу ишмердүүлүгүн объективдүү шартталган жолдору изилденген. Баштапкы кесиптик техникалык билим берүү тутумунун ишмердүүлүгүнүн ар тараптан изилдөөнүн натыйжасында башкаруунун төрт негизги багыттары аныкталган. Макалада баштапкы кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын иш тажрыйбасы менен таанышуунун, талдоонун натыйжасында башкаруучу программалардын негизги эки түрү директивалык жана маалыматтык программалар изилденген. Изилдөөдө кесиптик билим берүүнүн негизги элементтери так белгиленген. Ошондой эле макалада окуу процессин башкаруунун негизги аспектилери теориялык жана таанып-билүүчүлүк, педагогикалык, экономикалык, практикалык, методологиялык аспекттери талданган.*

***Негизги сөздөр:*** *башкаруу, социалдык башкаруу, уюштуруу, технология, окуу процесси, билим берүү.*

*В данной статье рассматриваются основные теоретические вопросы организации и управления академической политикой в профессиональных учебных заведениях Кыргызской Республики. Кроме того, изучаются функции управления, объективно обусловленные способы управленческой деятельности. В результате комплексного исследования деятельности системы начального профессионального образования были определены четыре основных направления управления. В результате ознакомления и анализа опыта начальных профессиональных школ, в статье рассматриваются два основных типа программ управления, директивные и информационные программы. В исследовании четко определены ключевые элементы профессионального образования. В статье также анализируются основные аспекты управления учебным процессом - теоретико-познавательные, педагогические, экономические, практические, методологические аспекты.*

***Ключевые слова:*** *управления, социальное управление, организация, технология, учебный процесс, образование.*

*This article discusses the main theoretical issues of the organization and management of academic policy in professional educational institutions of the Kyrgyz Republic. In addition, the functions of management, objectively determined methods of management activities are studied. As a result of a comprehensive study of the activity of the system of primary vocational education, four main directions of management were identified. As a result of familiarization and analysis of the experience of primary vocational schools, the article examines two main types of management programs, directive and information programs. The study clearly identifies the key elements of vocational education. The article also analyzes the main aspects of educational process management - theoretical and cognitive, pedagogical, economic, practical, methodological aspects.*

***Key words:*** *management, social management, organization, technology, educational process, education.*

Башкаруу – бул уюштурулган биологиялык, технологиялык, социалдык системалардын функциясы. Ал ошол уюмдун структурасын сактоону, ишмердүүлүк режимин кармап турууну, максатын, алыскы жана жакынкы программаларын камсыз кылууга багытталган [1, 77-б.]. Социалдык башкаруу – коомдун белгилүү бир сапаттык өзгөчөлүктөрүн тартипке келтирүүгө, сактоого, өркүндөтүүгө жана өнүктүрүүгө максаттуу жасалган аракеттердин таасири. Ал коомдун жаратылышынын системалуулугу, эмгектин индивидуалдык жана коомдук мүнөзү, адамдардын жашоо турмушундагы мамилелешүүнүн зарылдыгы, мате-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



риалдык жана руханий ишмердүүлүктүн продуктылардын алмашуу процесси менен шартталат.

Жалпысынан алганда башкаруу процессинин этаптары төмөнкүлөрдөн турат: маалыматтарды чогултуу жана иштетүү; аларды талдоо, прогноздоо, синтездөө, ошолордун негизинде максатты аныктоо; максатка жетүүгө багытталган чечимдерди иштеп чыгуу; кабыл алынган жалпы чечимди конкреттештирүү максатында пландоо, программалоо, долборлоо, айрым конкреттүү чечимдерди иштеп чыгуу; айрым чечимдерди аткаруу үчүн ар кандай ишмердүүлүктөрдү уюштуруу; ошол ишмердүүлүктөрдү уюштуруу; ошол ишмердүүлүктөрдү текшерүү (мунун ичине кадрларды тандоо жана жайгаштыруу да кирет); иштелген иштердин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды чогултуу, талдоо жана корутунду чыгаруу; рефлекция; кетирилген кемчиликтерди жоюу боюнча башкаруунун тийиштүү элементтеринин мазмунуна өзгөртүүлөрдү киргизүү, коррекциялоо.

Практикада социалдык башкаруунун эки түрү кездешет: стихиялуу жана пландуу. Биринчисинде, коомго таасир берүү ар кандай социалдык кучтөрдүн өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасында ишке ашырылат. Экинчисинде, башкаруу алдын ала түзүлгөн программа боюнча атайын органдар аркылуу жүргүзүлөт.

Биз өз изилдөөбүздү жүргүзүүдө башкаруунун эки баскычына туш болдук. Биринчиси, Кыргызстанда баштапкы кесиптик билим берүүнү башкаруу, экинчиси – кесиптик лицейлерде окутуу процессин башкаруу.

Эки учурда тең негизги маселе катары башкаруунун функциясы эсептелет. «Башкаруунун функциясы деп башкаруу ишмердүүлүгүн объективдүү шартталган жолдорун түшүнөбүз» [2, 16-б.]. Илимий адабияттарда көрсөтүлгөндөй башкаруунун функцияларын эки группага бөлүп кароого болот. Биринчисине башкаруунун жалпы функциялары, ал эми экинчисине башкаруунун айрым өзгөчө функциялары кирет.

Башкаруунун жалпы функциясы башкаруунун ишинин жалпы мазмуну жана аны аткаруунун удаалаштыгы аркылуу аныкталат. Ал башкаруучу субъектин иш аракетин башкарылуучу объектиге багытталышына жараша болот. Башкаруунун жалпы функциясына: башкаруунун максатын аныктоо пландаштыруу, башкарылуу объектилердин иштерин уюштуруу жана координациялоо, текшерүү, эсепке алуу, аларды талдоо жана башкалар кошулат.

Башкаруунун айрым функциясы башкарылуучу объектиге жасалган аракеттердин мүнөзү менен аныкталат. Алар көбүнчө конкреттүү башкарылуучу объекттер үчүн милдетүү тапшырмалар түрүндө сунушталат.

Баштапкы кесиптик-техникалык билим берүү системасынын ишмердүүлүгүнүн ар тараптан изилдөөнүн натыйжасында башкаруунун төрт негизги багытын белгилейбиз:

1. Пландап уюштуру жумуштары. Бул өзүнө бардык системанын ишин пландаштырууну, өндүрүштүк техникалык жумуштарды уюштурууну, бухгалтердик, эсеп жана отчеттуулукту камтыйт.

2. Окуу-тарбиялык жана методикалык жумуштар. Бул багыт кесиптик – техникалык билим берүүчү окуу жайда жүргүзүлүүчү бардык окуу – тарбия иштерин жана аны менен байланышта болгон методикалык жумуштарды өз кучагына алат.

3. Окуу-тарбия иштерин, окуучулардын жашоосун жана күндөлүк турмушун, материалдык байлыкты пландуу бөлүштүрүүнүн, даяр продукцияларды сатып өткөрүүнүн, кызматкерлердин жашоо турмушун, окуучулар менен окутуучулардын эмгегин жана эс алуусун уюштурууну материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу.

4. Кадрлар менен иштөө. Ал өзүнө кесиптик-техникалык окуу жай үчүн инженердик – педагогикалык кадрларды жана тейлөөчү кызматкерлерди тандоону, жайгаштырууну, иштерин уюштуруу, натыйжасын текшерүү, эсепке алуу, баалоо, кызматтан кызматка которулуу кыймылын көзөмөлгө алуу жана башкаларды камтыйт.

Окуу жайда окуу-тарбия иштерин аткаруу педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгүн уюштуруу аркылуу ишке ашырылат. Ошондуктан окуу жайындагы окуу процесс башкаруунун негизги объектиси педагогикалык коллективдин ар тараптуу иш багыттары жана окуучулардын таалим тарбия алууга арналган окуу иштери болуп эсептелет. Бул маселенин мазмунун ачуунун алгачкы этабында биз башталгыч кесиптик окуу жайдын педагогикалык коллективинин ишмердүүлүгүн башкарууга толуктоону туура көрдүк.

Кесиптик окуу жайдагы башкаруу ишинин негизги маңызы бири – бири менен байланышта болгон эки маселени чечүүдө турат: педагогдордун ишмердүүлүгүн багыттоо жана активдештирүү. Педагогтордун иштерин керектүү багытка буруу үчүн башкаруучулар белгилүү бир программаны иштеп чыгуулары шарт. Ал эми экинчи маселе окутуучуларлын ар тараптуу муктаждыктарын канагаттандырууга арналган стимул берүү шарттардын түзүлүшү аркылуу чечилет. Алар педагогикалык коллективдин социалдык-психологиялык климатын нормалдаштыруу,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



материалдык жана моралдык жактан кубаттоо, окуучулардын эмгегин илимий негизде уюштуруу болуп саналат [3, 127-б.].

Окуучулардын педагогикалык ишмердүүлүгүн активдештирүү башкаруу программасынын сапатына көз каранды. Программанын сапаты анын тактыгы, чындыкка жакындыгы жана аткарууга мүмкүндүгү, акыркы алынуучу жыйынтыктын жогорулугуна, ар кандай майда детальдардын ачык, даана көрсөтүлгөнү менен аныкталат. Ишмердүүлүктүн ар бир сферасына белгилүү программанын тиби туура келиши керек. Жалпылап айтканда, бул жерде төмөнкү закончененмдүүлүк аткарылышы зарыл: аткарылуучу иш канчалык жогорку даражадагы чыгармачылыкты талап кылса, коом канчалык гумандуу жана демократиялуу болсо, башкаруу программасы ошончолук деталдаштырылбайт жана иштермандарга эркин тандоо мүмкүнчүлүгү берилет.

Мындай тандоо эркиндиги мугалимдерден жана мастерлерден демилгелүүлүктү, өз алдынчалыкты, ишке чыгармачыл мамилени талап кылат. Ошол үчүн иштин бул сферасында милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон программалык директивалар көп болбошу керек. Андагы негизги эске алуучу маселе эмгектин режимине коюлган талаптар, документацияларды туура жана так жүргүзүү, бардык иштерди анын акыркы жыйынтыгына багыттоо болуп саналат. Акыркы жыйынтыкка коюлган талаптардын эң катуу коюлушу, анын аткарылышы жолдору мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлүүгө тийиш. Ал эми педагогдордун ишмердүүлүгүнүн сапаты окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик деңгээлинин стандарттын талабына туура келишинин деңгээли менен аныкталат.

Баштапкы кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын иш тажрыйбасы менен таанышуунун, талдоонун натыйжасында башкаруучу программалардын эки түргө бөлүүгө туура келди. Биринчиси директивалык программалар, экинчиси – маалыматтык программалар. Ар кандай авторлор тарабынан иштелип чыккан илимий-методикалык көрсөтмөлөр басма сөздөрдө жарыяланып сунушталат. Булар маалыматтык программалар болуп эсептелет да, аткарылууга милдеттүү эмес. Педагог алардын ичинен өзүнө керектүүсүн тандап алат жана өзүнө жакканын күндөлүк ишинде колдонулат. Аны мажбурлап аткарууга эч кимдин укугу жок. Муну менен мугалим өзүнүн чыгармачылык жактан өнүгүүсүн камсыз кылат, өзүнүн педагогдук квалификациясы өз алдынча жогорулатуунун жолу мына ушунда.

Ал эми директивалык программалар сөзсүз түрдө аткарылууга тийиш. Коомду демократиялаштыруунун жүрүшдө маалымат – көрсөтмө берүүчү программалардын ролу көбөйүүдө. Ал болсо башкаруунун стимул берүүчү активдештирүүгө алып келет. Директивалык программалардын көп болушу жана алардын милдеттүү түрдө аткарылышын талап кылуу башкаруунун авторитардык түрүнө алып келет. Бирок бул эски программаны максатка жараша тең салмактуу колдонгон учурда гана ийгиликтин жаралышы закончененмдүү көрүнүш. Берилген сунуштарды аткаруунун зарылдыгы болгон жерде чар жыйынтыкка, жоопкерчиликти сезбөөчүлүккө жол берилет. Ошондуктан чечим чыгаруу ээ болгону менен, жоопкерчилик жеке адамга тиешелүү деген принцип ар дайым иштеп турушу керек.

Баштапкы кесиптик билим берүү боюнча көрүнүктүү адис Р.Х. Шакуров [4, 87-б.] башкаруу ишмердүүлүгүн көп деңгээлдүү жана көп факторлуу моделин концептуалдуу негизде сунуштаган. Ал моделдин функционалдык мүнөздөмөсү жана алардын эффективдүүлүгү сырткы жана ички факторлордун диалектикалык өз ара аракеттешүүсүн негизинде камсыздалат. Ал моделдин концепциясын үйрөнүүнүн жана талдоонун натыйжасында анын структурасын төмөнкүчө элестетүүгө болот: башкарууга таасир берүүчү сырткы шарттар; социалдык-экономикалык талаптар; башкаруунун максатын аныктоонун элементтери; жумушчу кадрларды даярдоонун ички процессине таасир берүүчү факторлор билим берүү процессинин түрлөрү; окуу-тарбия иштеринин жыйынтыктары; башкаруунун эффективдүүлүгүнүн критерийлери.

Башкаруу системасынын жогоруда көрсөтүлгөн элементтеринин ар бири өз алдынча изилдөөнүн предмети болуусу мүмкүн. Бир диссертациялык иштин алкагында булардын бардыгын терең жана толук иштеп чыгуу мүмкүн эместигин эске алып, аны моделинин дагы бир түрүн карап көрдүк. Ишкердик маселенин көз карашында башкаруу ишмердүүлүгүнүн төмөнкүдөй структуралык компоненттери, ошол эле Р.Х. Шакуровдун эмгегинде төмөнкүчө берилген: мотив, максат, пландаштыруу, күндөлүк маалыматтарды кайрадан иштетүү, оперативдүү образдарды түзүү, чечим кабыл алуу, аракеттер, жыйынтыкты текшерүү, аракеттерди коррекциялоо. Биздин изилдөөдө коюлган милдеттерге жараша кесиптик лицейлерде окуу процессин башкарууну система катары карап, аны структуралык элементтерин жаңыча көз караштa аныктоого аракет жасадык. Мында негизги көңүл башкаруунун субъектиси менен окуу процессинин ка-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тышуучуларынын ортосундагы байланышту көрсөтүүгө бурулган.

Кесиптик-техникалык окуу жайлардын башкаруу тутумуна окуу жайдын директору, окуу-иштери жана өндүрүштүк окутуу боюнча директордун орун басарлары кирет. Административдик, чарбалык-финансылык иштерден сырткары булардын негизги максаты окутуучулардын окуу иштерин уюштуруусу, окуучулардын практикалык иш аракеттерин уюштуруусу, ошондой эле окуучулардын билим алуусун, практикалык даярдыкка ээ болуусун башкаруу болуп эсептелет.

Башкаруу органынын иш аракеттери коом тарабынан коюлган социалдык милдеттерди аткаруу, ата-энелер менен окуучулардын муктаждыктарын канаттандырууга багытталат. Ал үчүн окуу жайдын окутуучулары менен окуучуларынын билим берүү менен билим алууга болгон муктаждыгын туура түшүнүп, алардын ички мотивациясын пайда кылуу өзгөчө мааниге ээ болот.

Мында эң негизги нерсе: окуучунун билим алууга болгон муктаждыгы; ал муктаждыктын пайда болушуна таасир болушу тышкы жана ички факторлор; муктаждыкты канагаттандыруучу аракетти тандоо.

Мотивация – туруктуу мотивдердин, ойготуулардын, түрткү берүүлөрдүн жыйындысы. Ал инсандын аракетинин мазмунун, багытталышын, мүнөзүн аныктайт жана анын негизинде инсандын жүрүм туруму, ишке болгон жоопкерчиликтүү мамилеси калыптайт.

Мотивациялык чөйрө – максатка жетүү үчүн жасалганаракеттердин ишке ашырылышын камсыз кылуучу шарттардын жыйындысы. Мотивациялык чөйрөнүн мүнөзүнө жана таасирине жараша анын катышуучуларынын демилгелүүлүк, аткаруучулук, керектөөчүлүк – зарылуулук, кайдыгерлик жүрүм туруму калыптанат.

Баштапкы кесиптик окуу жайларда жумушчу кадрларды даярдоо процессин башкарууну өз учурунда коюлган максатсыз элестетүү мүмкүн эмес. Ал максат кайсы бир убакыт ичинде күтүлүүчү натыйжанын конкреттүү образы болуп эсептелет. Ал эми алынган натыйжанын коюлган максаты менен дал келиши уюштурулган бардык педагогикалык процесстин сапатын көргөзөт. Ошондуктан максаттын туура коюлушу ийгиликке жетүүнүн алгачкы шарты катары каралууга тийиш.

Башкаруунун максатын аныктоодо анын төмөнкү аспектилерине көңүл буруу көпчүлүк тажрыйбалардын негизинде далилденген жана эмгекти илимий жактан туура уюштуруунун талаптарына туура келет.

1. Теориялык жана таанып – билүүчүлүк аспект. Анда башкаруу таанып – билүүнүн инструменти катары кызмат кылат. Мында биринчи орунда башкаруу теориясынын учурдук талабына туура келген жалпы мазмунун өздөштүрүү турат. Экинчиден,ал теориянын жоболорун конкреттүү окуу жайдын тажрыйбасы, андагы ийгиликтер, традициялар менен толуктоо, ошондой эле конкреттүү көйгөйлөрдү жоюунун зарылдыгын көрсөтүү, теория менен практиканы бири-бири менен жуурулуштуруу милдети турат.

2. Педагогикалык аспект. Бул өзүнө мотивациялык мамилелерди жүрүм-турумдун моралдык-этикалык нормаларын коомдук этиканын элементтерин, социалдык идеалдар менен баалуулуктарды камтыйт.

3. Практикалык аспект. Башкаруу окутуу жана окуучулардын иштерин аткаруучулардын (окутуучулар,окуучулар) аракеттерин активдештирет.

4. Экономикалык аспект. Экономикалык кызыкчылыктардын жана мамилелердин сферасына таасир этүү менен аныкталат.

5. Методологиялык аспект. Ишмердүүлүктүн теориялык жолдорунун системасын камсыз кылуучу философиялык, экономикалык, педагогикалык, психологиялык, социологиялык, укуктук, техникалык жана технологиялык билимдердин синтезин шарттайт.

Башкаруунун максаты толук маанисинде берилиши талап кылынат, башкача айтканда бардык алынуучу натыйжанын мүнөзүнүн толук аныкталышы, күтүлүүчү натыйжанын реалдуулугу, текшерүүгө мүмкүнчүлүгү жана өлчөөгө боло тургандыгы.

Кесиптик билим берүүчү окуу жайларды башкаруунун максатын аныктоодо топтогон тажрыйбалардын эң чоң мааниси бар. Мында окуу жай айткан учурларда башкаруунун кандай максаттарын ишке ашыра алды, кандай ийгиликтерге жетишти;максатка жетүүнүн кандай ыңгайлуу шарттар түзүлдү; тоскоолдуктардын түрлөрү, мүнөзү, алардын пайда болуу себептери; максатка жетүүгө оң жана терс таасир берүүчү сырткы жана ички себептер; оң таасирлерди өркүндөтүүнүн,терс таасирлердин алдын алуунун жана болгондорду жоюнун жолдорун табуу ж.б. максатка жетүүнүн деңгээли анын натыйжалуулугун көрсөтөт. Натыйжанын сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүн аныктоо үчүн ар кандай критерийлер жана методдор колдонулат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Андыктан жыйынтыкты ар кандай иштин баштапкы абалы менен салыштыруу же болбосо стандарттык үлгү менен берет. Алынган ийгиликке жетүүгө жумшалган финансылык каржылоонун көлөмүнө, педагогикалык ишти аткаруучулардын теориялык кесиптик-методикалык ишмердүүлүктөрүнүн сапатына жараша аныкталат. Бул көрсөткүчтөрдү аныктоо башкаруучулар үчүн оңойго турбайт. Айрыкча окуучулардын ийгиликтери үчүн педагогтордун, мастерлердин, тарбиялоочулардын жасаган эмгектери сандык жактан мүнөздөө, математикалык эсептөөлөр аркылуу аныктоо өтө татаал болуп эсептелет. Ошондуктан биз эксперименттин жыйынтыгын талдоо үчүн математикалык статистиканын методдорун жагдайга жараша колдонууга аракеттенебиз.

Пландоо-башкаруу системасынын негизги элементтеринин бири. Пландоо коллективдин ишин анализдөөнүн негизинде жүргүзүлүп, аткарылуу жумуштардын системасы, убактысы жана иштин удаалаштыгы белгиленет, аткарууга жопкерчиликтүү адамдар көрсөтүлөт. Билим берүүчү окуу жайдын пландоо иши анын иштеринин баардык жактарын камтууга жана комплекстүү пландардын талабын аткарууга милдеттүү. Окуу жайдын планы реалдуу, конкреттүү түзүлүп, окуучулардын жана бардык кызматкерлердин активдүү катышуусун камсыздоого тийиш. Ал коллективдин ишин уюштуруунун таасирдүү фактору болуп калуусу керек.

Башталгыч кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын иш планын билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү милдеттерин чечүүгө арналган комплекстүү чаралардын системасын чагылдырган документ болуп саналат. Окуу жайдын иш планы өзүнүн иерархиясы боюнча: окуу жайдын жалпы комлекстүү планы; окуу-тарбия ишинин планы; окуу-методикалык иштеринин планы; өндүрүштүк окууну уюштуруунунун планы катары түзүлөт.

Изилдөөнүн максатына жараша биз окутуучулардын окуу – тарбия иштеринин планын түрлөрүнө токтололук: тарбия планы, календардлык тематикалык план, сабактын планы.

Тарбия жана группанын класс жетекчиси тарабынан бир жылга түзүлөт. Анын структуралык курамы төмөнкүлөрдөн турушу мүмкүн: иш чаранын аты жана мазмуну, максаты жана милдеттери, аткаруу мөөнөтү, өткөрүү орду катышуучулар аткарууга жоопту адамдар, аткарылганы жөнүндөгү белги. Мындан сырткары иш планга өткөрүлгөн иш чаралардын анализи жана анын натыйжасынын баасы кошулууга тийиш. Ал өз учурунда кесиптик-техникалык окуу жайдын ички текшерүү иштеринин курамдык бөлүгү катары кызмат кылат. Пландын мүнөзүн төмөнкү таблицадагыдай элестетүүгө болот.

Предметтик мугалимдин календарлык-тематикалык планы – конкреттүү окуу предмети боюнча мугалим тарабынан бир жылга түзүлөт. Пландын мазмунунда төмөнкү элементтер камтылууга тийиш: окуу – жылы; группанын аты; адистиги; катар номери; теманын аты жана негизги суроолор; теманы окутууга бөлүнгөн сааттын саны; сабакты өткөрүүнүн убактысы (айы жана күнү), сабакта колдонулууучу окуу каражаттары (көрсөтмө каражаттар, жаңы маалымат – технологияларды ишке ашыруучу каражаттар, куралдар жана түзүлүштөр, дидактикалык материалдар, басма каражаттары), тектеш предметтерди байланыштырууга көрсөтмөлөр; окуучулар ээ боло турган предметтик компетенттүүлүктөр ж.б.

Сабактын планы – сабак өткөрүүнүн этаптарын жана мугалим менен окуучулардын аткара турган иштеринин удаалаштыгын көрсөтүүчү план. Мугалимдер мындай планды эки түрдө жазышат. Биринчиси тажрыйбалуу мугалимдер үчүн – сабактын кыскача планы. Экинчиси – кеңири форматта жазылган план-конспект. Экөөндө тең сабак өткөрүүнүн төмөнкү элементтери камтылууга тийиш. Класстын номери, өткөрүлө турган убактысы, сабактын темасы, сабактын билим берүүчү, тарбиялоочу, өнүктүрүүчү максаты, сабакта калыптандыруучу жалпы жана предметик компененттүүлуктөрдүн мүнөзү, сабактын тиби, колдонулуучу көрсөтмө жана техникалык каражаттар, басым жасалуучу техналогиялар, предметтер аралык байланышты ишке ашырууга көрсөтмөлөр, өтүлгөн материалдарды кайталоого, окуучуларды жаны материалды өздөштүрүүгө даярдоого арналган иштердин мазмуну (суроолор, тапшырмалар, алардын кыскача жооптору, мугалим материалды түшүндүрүүгө көрсөтмөлөр, материалдын мазмуну түшүндүрүүнүн удаалаштыгына жараша жазылат, колдонулуучу каражаттар, тажрыйбаларды жасоонун жолдору ж.б.). Жаңы кабыл алынган окуу материалдарды бышыктоо, өздөштүрүүнүн абалын текшерүү, үйгө тапшырма берүү, окуучулардын окуу иштерин, билимдерин, ээ болгон компетентүүлүктөрүн баало, сабакты жыйынтыктоо. Сабактык план конспектисин жазууда, башкача айтканда мугалимдин сабака даярдануусунда, ал предметтик стандарты менен программанын талаптарына жараша окуу китебинин мазмунуна илимий жана методикалык талдоо жүргүзөт [5, 96-б.].

Окутуу процессин башкаруунун кийинки элементи – уюштуруу. Администрациялык – уюштуруучулук ишмердүүлүк менен башкаруу ишмердүүлүгү бирдей. Башкаруучулук ишмердүүлүктү уюштурууну

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эки жактуу процесс катары кароого болот. Биринчи окуу жайдын башкаруу органдарынын (директор, окуу бөлүмүнүн башчысы, өндүрүштүк окуу боюнча директордун орун басары, практиканы уюштуруунун башчысы) ишмердүүлүгү. Экинчиси мугалимдердин мастерлердин, куратор – класс жетекчилердин окуу тарбия иштерин уюштуруу ишмердүүлүгү. Изилдөөдө коюлган максат – милдеттерге жараша биз көбүнчө уюштуруунун экинчи жагына токтолобуз. Ал маселелер ушул главанын экинчи жана үчүнчү парагафттарында берилет.

Башкаруунун дагы бир элементи – аткарылган иштерди текшерүү эсепке алуу, баалоо, баалоонун критерийлерин аныктоо. Аткарлыган иштерди текшерүү жана талдоо өзүнө кесиптик-техникалык окуу жайдын ишмердүүлүгүнүн бардык тармагын камтыйт: кабыл алынган чечимдердин жана тапшырмалардын аткарылышынын сандык жана сапаттык жактан текшерип талдоо; окуу-тарбия иштеринин аткарылышын текшерүү, эсепке алуу, талдоо жана баалоо; алынган натыйжаларды коюлган максат менен салыштыруу. Текшерүү жана талдап баалоодо тескери байланышты ишке ашыруу. Алынган маалыматтарды талдоонун натыйжасында жетишилген ийгиликтерди өнүктүрүү, орун алган кемчиликтерди пайда болуу себептерин аныктоо, аны болтурбоонун алдын алууга багытталган иштерди пландаштыруу, максатты толуктоо, аларды аткаруу үчүн иштелип чыккан технологияларга түзөтүүлөрдү киргизүү, иштин аспектилерин коррекциялоо. Окутуучулардын кесиптик ийгиликтерин баалоонун рейтинги системасын колдонуу. Окуучулардын билимдери, билгичтиктерин жалпы жана предметтик компетентүүлүктөрүн текшерүүнүн диагноздоочу, формативдик жана суммативдик формасын колодонуунун өркүндөтүлгөн жолдорун иштеп чыгуу жана окуу жайдын практикасына киргизүү. Башкаруунун натыйжалуулугу окуу жайы жөнүндөгү маалыматтарды иштетүүнүн жана талдоонун сапатынан көз каранды. Кесиптик-технологиялык окуу жайлардын миссиясы, жумушчу кадрларды даярдоонун стратегиясы жөнүндөгү маалыматтар төмөнкү программанын негизинде чогултулат [4, 66-б.]:

Керектүү маалыматтарды алууда социалогиялык методдор колдонулат, пландар, отчеттор үйрөнүлөт, ар кандай окуу жайлардын, борборлордун окумуштуулар педагогикалык кеңештеринин протоколдорунун чечимдери, окуу-методикалык борборлор, жоболор, көрсөтмөлөр, китептер чечимдер талданат.

Бул макалада баштапкы кесиптик билим берүүнү башкаруунун жалпы теориялык маселелери каралды. Андан сырткары, окуучулардын теориялык жана практикалык жактан даярдоонун психологиялык- педагогикалык жана технологиялык маселелери каралды.

**Адабияттар:**

1. Философский словарь. Под редакцией И.Т. Фролова. -5-е изд. - М.: Политиздат, 1986. - 590 с.
2. Шакуров Р.Х. Управление профессиональными образовательными учреждениями. / Профессиональная педагогика: учебник для студентов, обучающихся по педагогическим специальностями и нарпавлениями. -М.: Ассоциация «Професиионального образование», 1997. - С. 393-397.
3. Бабаев М.Д., Омурзакова Г.О. Профессиональная адаптация начинающих учителей средней школы. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №12. - С. 151-153.
4. Мамбетакунов Э. Физиканы окутуу теориясы жана практикасы. - Бишкек: НОК басма борб., 2004. - 490 б.
5. Научно-информационная деятельность в системе профтехобразования / Ю.И. Виноградов, Н.А. Рослик, А.А. Панина и другие. / Под общей редакцией Ю.И. Виноградова. - М.: Высшая школа, 1986. - 152 с.